## Сабактын технологиялык картасын түзүүдө мугалимге эскерткич

***Технологиялык карта*** – бул сабакты пландаштыруунун заманбап формасы.  Сабактын конспектиси сабактын технологилык картасына "түшүндүрүлүшү" мүмкүн.Сабактын конспектисинде төл сөз болушу мүмкүн эмес. Мугалимдин жана окуучулардын ишмердүүлүгу 3-жак менен жазылат.

*Мисалы: мугалимдин ишмердүүлү*:

- Алмашуу түзүмдөгү жуптардын ишин уюштурат;
- Окуучулардын ишмердүүлүгүн жетектейт;
- Статистикалык топтордогу окуучулардын ишмердүүлүгүн координациялаштырат;
- Оюнду сунуштайт;
- "эвристикалык аңгемелешүүнү" уюштурат;
- Ортомчу – карточкалар менен иштөөнү уюштурат;
- Академиялык дискуссияны уюштурушат ж. б.

Окуучулардын ишмердүүлүгү:

- Мугалим менен диологго киришет;
- Сабактын темасы, максатын, маселелерин коюшат;
- Топтордо тапшымаларды аткарышат;
- Иструкциялык карталарды жана маалымат баракчаларды колдонушат;
- "акыл чабуулуна" катышышат;
- Өзүн-өзү баалоо баракчаларын  тотурушат ж. б.

Мугалимдин позициясы – новигатор – фасилитатор.

### Сабактын планынын иштелмеси

***Сабактын планы***  - бул мугалимдин сабакты өтүүгө алдын – ала жүргүзгөн ишинин акыркы жыйынтыгы. Саабктын планы тематикалык пландын негизинде жанан теманын окутуудагы